***Н.Рахманов орто мектебинин табигый математика, дене тарбия жана көркөм өнөр багытындагы усулдук бирикмесинин 2022-2023 окуу жылынын биринчи жарым жыл ичи аткарылган иштеринин анализи***

***1*** **.Математика, табигый-илимдер,дене тарбия жана көркөм-өнөр багытындагы усулдук бирикмесинин негизги максаты:**

- ар бир предмет боюнча окуу программаларын түзүү, предметтик мугалимдердин окуучулардын билиминин объективдүү бааланышын көзөмөлгө алуу,
- усулдук кенешмелердин отурумдарына усулдук бирикме кенешмелерине катышуу жана керектүү маалыматтарды алуу жана талкуу,
- мугалимдердин календарлык пландарын мамлекеттик окуу программасына ылайык бекитүү,
- жаш адиске жардам берүү максатында насаатчылык иштерин жүргүзүү пландары коюлган.

Табигый математика усулдук бирикмесинде декабрь айында “илим, техника жана өндүрүш” күнүн уюштуруу жана өткөрүү, ошондой эле окуучулардын предметтер боюнча жетишүүсү, олимпиадаларга катышуу боюнча да пландар коюлган, өзгөчө окуган жана начар окуган иш алып баруу пландары дагы коюлган. 2022-2023 окуу жылынын октябрь айында биология, химия предметтеринен декабрь айында математика жана физика предметтер боюнча декадасын өткөрүү пландары коюлган.

**2 Усулдук бирикмедеги предметтик мугалимдер жөнүндө маалымат**. Табигый предметтер усулдук бирикмесинде 6 мугалим эмгектенет. Баары жогорку билимдүү, тажрыйбалуу, ар бир предметтик мугалимдерге жумалык жүктөмдөр бөлүнгөн, ошондой эле кээ бир предметтик мугалимдер класс менен иштөө үчүн класстар бөлүнгөн. Бул усулдук бирикме мүчөлөрү баардык предметтер боюнча мамлекеттик стандарттын негизинде календарлык тематикалык пландарды түзүшкөн. Жаны окуу жылында окуу программасынын кээ бир предметтер боюнча өзгөрүлөр киргизилгендигине байланыштуу жаны тематикалык пландар түзүлгөн. Ар бир предметтик мугалимдин тузгөн календарлык пландары мамлекеттик окуу программасынын стандартына туура келет. Жогоруда түзүлгөн программалар боюнча түзүлгөн календарлык пландар усулдук бирикменин жыйынында каралып, окуу бөлүмү бөлүм башчылары тарабынан текшерилип, мектеп директору тарабынан бекитилген.


**3 Усулдук бирикмесинин планына ылайык төмөнкү текшерүүлөр:**

Табигый математика усулдук бирикмесинде биринчи чейрек ичинде 5,6,7 класстарынын сабактарын текшерүү жана предметтик дептерин текшерүү, жана жаш адис менен иш алып баруу, сабагына катышуу, календарлык пландарын текшерүү пландары коюлуп, иштер жүргүзүлдү. 5- класстарынын предметтеринин өздөштүрүүсү боюнча математика жана табият таануу предметтер боюнча текшерүүлөр болду, текшерүүнун жыйынтыгы окуучулар активдүү предметке кызыгып окушат, окуучунун сабактагы тартибине, доскада иштөөсүнө, тапшырма аткаруусуна көзөмөл кылуу сунуштары берилди.

Предметтик дептерлер өз убагы менен текшерилип турат. Предметтик дептерлерди текшерүү учурунда ар бир предметтик мугалимдер ар бир окуучунун дептерлерин текшерүүгө алып келишкен. Предметтик дептерлердин абалдары, үй тапшырмалардын аткарылуусу боюнча текшерүү жүргүзүлдү, дептерлердин сырты талапка жооп берет,

сырттaлган, үй тапшырмаларын кээ бир окуучулар аткарбайт, предметтик мугалим текшерүүгө албайт, тапшырмаларды текшерип баа коюу керектиги сунуш катары айтылды. Предметтик мугалимдердин отчетторунун негизинде математика, физика, химия, биология, көркөм өнөр жана дене тарбия предметтери боюнча төмөнкүдөй жыйынтык чыгарылды.

| Математика: | физика: | биология: | химия: | география: |
|---|---|---|---|---|
| 5кл-50% | | | | |
| 6кл-48% | | 50% | | 42% |
| 7кл-40% | 35% | 48% | | 44% |
| 8кл-44% | 40% | 50% | 44% | 50% |
| 9 кл-43% | 40% | 48% | 49% | 48% |
| 9кл-50% | 45% | 50% | 50% | 50% |
| 11кл-40% | 40% | 40% | 40% | 40% |




**4 Жаш адис менен иштөө.**

Табигый математика усулдук бирикмесинде насаатчылык көрсөтуу иштери да жургузулуп келет. Жаш адис Насымбекова А. Менен насаатчы катары тажрыйбалуу мугалим Намазбекова насаатчылык кылып окуу жылынын башынан баштап педагогикалык жактан жардам берип иштешти. Жаш адиске кесиптик жагынан иштөөсүнө жардам көмөк көрсөтүлүп сабактарына катышып кеп кенештерин берди.

**5 Өз ара сабактарга катышуу боюнча** ар бир предметтик мугалим метод алмашуу максатында сабактарга катышып жатышат, ар бир предметтик мугалим окуу жылынын башынан баштап мугалимдердин сабактарына тажрыйба алмашуу максатында катышып өздөрүнө керектүү усулдук жардамдарды алышууда. Өз ара сабактарга катышкан мугалимдер өз алдынча анализдерди берүүнү сунуштарды айтууну жана өз ара кенеш

берүүгө үйрөнүшүп такшалып калышты. Ар бир мугалим сабактарга катышып анализдерди жазып талкуу жүргүзүштү.

**6. Предметти өзгөчө окуган окуучулар менен иштөө:**

Усулдук бирикмеде предметтик мугалимдер өзгөчө окуучулар менен иштөөдө окуучуларга тесттик тапшырмаларды, терендетилген программалар менен сабактар өтүлүп жатты. Ар бир предметтик мугалимдер тарабынан кошумча сабактар өтүлүп жатты. Математика предмети боюнча мугалим Шакулов К. 11- класстын окуучусу Жакыпбеков Рыскелди менен тесттик тапшырмалардын үстүндө иш алып баруда. Мектепте предметти өзгөчө кызыгып окуган окуучулардын ата-энелери менен аңгемелешүүлөр жүргүзүлүп, окуучулар эмнеге кызыгып жаткандыктары туралуу билдирүүлөр берилди жана түшүндүрүү иштер жүргүзүлдү.

**7 Предметти начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө**

Предметти начар өздөштүргөн, сабактарга кош көңүл мамиле жасаган окуучулар менен да иштер жүргүзүлүп, ата-энелери менен түшүндүрүү иштер жүргузүлдү. Сабактан көп калган окуучулар менен дагы иш жүргүзүлүп, түшундүрүү иштери аңгемелешүү жүргүзүлдү.

**8 Бүтүрүүчү класстарынын ЖРТга даярдыгы боюнча**

11- классынын окуучуларын ЖРТга даярдоо предметтик мугалимдер түзүлгөн график боюнча консультацияларды өтүшүүдө, ар кандай тесттик тапшырмаларды берип жатышат.

**9. Усулдук бирикменин өз алдынча билимин өркүндөтүү иш чаралары**

Усулдук бирикменин мүчөлөрү интернет булактарынан пайдаланып, методикалык окуу куралдарын окуп, өз билимдерин өркүндөтүшүүдө. Мисалы, математика мугалими Намазбекова А. Математиктер группасына катталып андан керектүү материалдарды алып, сабактарында колдонуп, алган тажрыйбалары менен бөлөк мугалимдер менен бөлүшүп иштеп жатты. Физика мугалими Ашыбаева Ч. Физика табият таану жөнүндөгү маалыматтарды интернет булактарынан алып, өз билимин өркүндөтүүдө. 2022-2023 окуу жылынын октябрь, декабрь айларында декадалар өткөрүлдү, декадада бардык мугалимдер түзүлгөн пландын үстүндө ачык сабактарды өткөрүп беришти. Декадалар жакшы деп бааланды.

Усулдук бирикменин жетекчиси: Ашыбаева Ч.Б.